# ТЕМА: ӨСПҮРҮМ БАЛДАРДЫН ДЕВИАЦИАГА УЧУРОО СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ПЕДАГОГДУН ЖАРДАМЫ

Негизги түшүнүктөр:

Девиация, девианттуу жүрүм-турум, ичкилик,банги зат,сойкулук,суицид, дене жагынан, психикалык,педагогикалык,социалдык .

Ресурстар:

Флипчарт, маркерлер, таратылуучу материал, проектор

Максаты:

Социалдык педагогдор девиация социалдык педагогикалык проблема экендигин, девиацианын типтери жана концепциясы тууралуу кошумча маалыматка ээ болушуп, анын стратегияларын аныктай алышат.

Милдеттер:

1. Социалдык педагогдор оспүрүм балдардын девиацияга учуроо себептерин жана педагогдун жардамын практикаларына салыштырма талдоо жүргүзө алышат.
2. Балдардын девияцияга учуроо себептерин жана педагогдун жардамынын өзгөчөлүктөрүн аныктай алышат.

Күтүлүүчү натыйжа:

1. Өспүрүм балдардын девиацияга учуроо себептерин жана педагогдун жардамын өз практикаларында баяндап бере алышат.

2. Жогорудагы көйгөй менен иштөөдөгү иш багыттарын практикалык мүнөздө салыштырышат.

3. Бул темадагы аталган кыйынчылыктарды чечүүнүн жолдорун сунуштай алышат.

Т Е М А: Өспүрүм балдардын девиацияга учуроо себептери жана педагогдун жардамы

| № | Теманын мазмуну | Колдонулуучу методдор | Баалоонун техникалары |
| --- | --- | --- | --- |
| 1. | Теманын максаттары жана милдеттери менен тааныштыруу | | |
| 2. | Өспүрүм балдардын девиацияга учуроо себептери жана педагогдун жардамы(практикалык иш) | Мээге чабуул.Жекече,жупта,топто иштөө | Презентация |
| 3. | Девиация жөнүндө түшүнүк(практикалык иш) | Мээге чабуул жекече иштөө | Байкоо жүргүзүү |
| 4. | Девиациянын типтери жана концепциясы(практикалык иш) | Мээге чабуул. Топто иштөө | Презентация Байкоо жүргүзүү |
| 5. | Жыйынтыктоо | Кайтарым байланыш | Байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү |

Өспүрүм курак-бардык жаш курактын эң эле татаал жана катаал мезгили. Ал курак лакмус кагазындай, коомдогу бардык оң жана терс көрүнүштөрдү өзүнө тартып алган мезгил.

Психологияда бул курак өткөөл мезгил деп аталат, анткени балалыктан чоң кишилердин катарына өтүү, өсүү, жетилүү, бой тарткан курак анатомиялык жана физиологиялык, психикалык өнүгүүсү социалдык абалынын өзгөрүшү менен мүнөздөлөт.

Психологдор Д.Б.Эльконин, Т.В.Драгунова өспүрүм өзүн чоң кишидей сезүүсү, дене түзүлүшүнүн өзгөрүшү, билиминин байышы, кызыгуусунун артышы, “мен” деген түшүнүктүн пайда болушуна байланыштуу экенин көрсөтүшкөн. Ал үй-бүлөдө ата-эне, бир туугандары менен, мектепте курбулары, социалдык чөйрөдө ар кандай адамдар менен мамиле түзүп, карым-катнаш системасына өтөт.

Чоң адамдар аны кичине бала катары карабай, тең укуктуу инсан катары кабыл алып, туура баамдап, кеңешип, кызматташтык мамиле түзүүсү өтө маанилүү. Турмуштук тажрыйбасы аз болсо да, өспүрүм үчүн жолдоштук мамиле окууда гана түзүлбөй, бош убактысында сабактан кийин, спорт оюндарында, кружоктор же короодо өтүп, үй-бүлө менен мамиле экинчи орунда калат. Ата-эненин көз салуусунан бошонуп, баш ийүү позициясынан өз алдынча болууга умтулуу кээде терс көрүнүштөргө жолугуп, жаман жолго түшүп кетүү коркунучу туулат.

Атактуу чоң кишилердин, кинодогу күчтүү, кайраттуу, эч нерседен коркпогон каармандардын жүрүм-турумун үлгү катары кабыл алышы баланы социалдык активдүүлүгүн күчөтөт. Өзгөчө сырткы келбети, чачынын жасалышы, кийиминин түрү, шуру-сөйкөлөрдү, шакек, билериктерди тагынуу, боёнуу ж.б. кызыктырып, бөтөнчө көрүнүүгө аракеттенүү да ушул куракка таандык.

Өспүрүмдүн эрк-эмоция чөйрөсү да, инсан катары калыптануусу да социалдык ситуацияга-баланын айлана-чөйрөсүнө байланыштуу өтөт.

Б.Г. Ананьевдин изилдөөсүндө өспүрүмдүн музыкага, бийге болгон кызыгуусу, музыканын ритмине карата бийлөө, жүрүм-турум сезимин калыптандыра тургандыгын белгилеген. Окууга, илимге, билим алууга болгон кызыгуу мугалимдин түшүндүрмөсү, мамилеси, калыстыгына байланыштуу өнүгөт.Ошондой болсо да өспүрүмдөрдүн кызыгуусу тез алмашып, нравалык сапаттары калыптана баштагандыктан, жакшы-жаман деген түшүнүктөр өзгөрүлүп, эмоциялык жактан жетилүү такталып, сезими баалуу сапатка ээ боло элек да кырдаал учурайт.

Үй-бүлөдөгү терс психологиялык кырдаал, авторитардык мамиле же көңүл кош кароо, ашкере эркелетүү, үй-бүлөнүн маданий деңгээлинин жетишсиздиги өспүрүмдүн тартипке баш ийбөөсүн, тил албоону, тентектикти пайда кылат.

Тарбияга баш ийбеген, жүрүм-турум нормаларын бузган тартипсиз, тил албаган, кежир, социалдык эрежелерден четке чыккан бала девиацияга тез берилет. Алар өзүнүн журүм-турумун аң-сезимдүү башкарууга жетише элек, өзүн-өзү тарбиялоого умтулуп,эрк-эмоция чөйрөсүн туура баалоого аракет кылып калыптанып жаткан инсан. Ушул учурда аларга туура мамиле кылуу, жекече жана жаш өзгөчөлүгүн эске алуу, ишеним көрсөтүү, ички сезимин, кызыкчылыгын,керектөөсүн туура баамдоо өтө маанилүү.

Девиацияга учуроонун себептери ар түрдүү:

-мектеп жашындагы окубай калаган балдар;
-жетимдер;
-кароосуз калган балдар;
-социалдык жетимдер (кедей, жакыр үй-бүлө, балдар үйүнө алынбай калган, ата-энелик укуктан ажыратылган, жашоо шарты начар, тамак-ашка, кийим-кечеге муктаж ж.б.);
-банги жана уулуу заттарга берилгендер;
-укук тартиптерин бузгандар;
-кылмыш иштерине баргандар; ж.б.

Биз төмөндөгү факторлорго жалпы мүнөздөмө берели:
1.Баланын анатомиялык анатомиялык жана физиологиялык жактан өнүгүүсү жагымсыз шартта өтсө, ал социалдык көнүгүүнү татаалдантат.Бул биологиялык факторго байланыштуу. Алар:

-генетикалык же тукум куучулук көрүнүштөрү-акыл-эсинин начар өнүгүүсү, көз же кулак жагынан кемчилиги, дене түзүлүшүнүн майыптыгы, нерв системасынын бузулушу ж.б.Бул кемчиликтерди бала туубаса түрдө төрөлө электе энесинин ден-соолугуна жараша, турмуш шартына, тамактануусуна, гигиеналык-санитардык тазалыкка байланыштуу шартталышы мүмкүн;

-психодиагностикалык же организмге тийгизген оор таасир, карама-каршылык ситуациясы,айлана-чөйрөнүн булганышы,химиялык уу заттардын таралышы, абанын, суунун булганышы адамдын ден-соолугуна, кыймыл-аракетине, дем алуу органдарына, теринин жаракат алышына алып келүү фактору;

-физиологиялык же дене түзүлүшүнүн кемчилиги,сүйлөө речинин начар өнүгүүсү балдар арасында мамиленин, байланыштын бузулушуна алып келет.

2.Психологиялык фактор: нерв системасынын токтолуу жана козголуу процессинин начарлашы, мүнөзүнүн, кыялынын чукул бузулушу, психикалык оорулардын (психопатия, неврастения ж.б.)болушу, психиатрдын жардамына, дарылануугa муктаж балдардын болушу.Өспүрүм куракта психикалык өнүгүүнүн эки процесси учурайт: өзү жашаган айлана-чөйрөдөн алысташы же үйрөнүп көнүшү. Эгерде бала үйдөн ата-эненин көңүл бөлүүсүнө, сүйүүсүнө, түшүнүүсүнө ээ болбосо ал алыстайт .Жакын, өзүн түшүнгөн чөйрөнү башка жактан издейт. Кээде өзүнөн алыс балага чоң болуп алат, аны жумшайт,буйрук берет.Өзүнөн кичүүгө баш ийип, айтканынын баарын аткарууга аракеттенет. Ал группадан чыгып кете албайт.

3.Социалдык-педагогикалык фактор. Үй-бүлөдөгү, мектептеги жана коомдогу тарбиянын жетишсиздиги, жеке жана жаш өзгөчөлүгүнүн эске алынбаганы, окууга кызыкпаганы, дайыма жетишпегени, үйдөн даярданууга шарты жогу дезадантацияга( окууга көнбөгөнгө) алып келет.

Окууга көнбөгөнү бир же бир нече кызыкпаган, өздөштүрүүгө оор болуп калган окуу предметтеринин болушуна байланыштуу. Окууда болгон кыйынчылык тартип бузууга, сабактан калууга, классташтары жана мугалимдер менен келишпөөчүлүккө алып келет

.Ал өзүн жакшы сезген, түшүнгөн жагдай издеп мектептен качып,башка тартип бузган топторго кошулат.Кылмыш иштерине да барууга аргасыз болот.Алардын көпчүлүгү ынтымагы жок, маданияты, турмуш шарты начар үй-бүлөдө кездешет. Өтө эле баланы эркелетүү же кысымга алуу, ата-энесинин үйдөгү жана коомдогу жүрүм-турумуна карама-каршылыгы, ата-энесинин ажырашуусу, уруш-талашы, ичкиликке берилүүсү ,өспүрүмгө терс таасир этээри белгилүү.Баланы уруп-сабоо, коркутуу, кемсинтүү, жазалоо, ырайымсыздыкка,таш боордукка, кастыкка тарбиялап, өч алууга аракеттенүүнү пайда кылат.

5.Моралдык-этикалык фактор: коомдогу нравалык жүрүм-турум эрежелеринин төмөндөшү, баалуулуктардын жоголушу, биринчиден руханий баалуулук, экинчиден, адеп-ахлах, адамгерчилик, мээримдүүлүктүн төмөндөшү, баюуга умтулуп, дүйнө жыйноо, көбөйтүү-бул катуулукту, таш боордукту, сараңдыкты пайда кылат.Адамдар арасында бири-бирине жардамдашуу, боорукердик, “жарты нанды бөлуп жеген”теңчилик жоголуп, жат көрүнүштөр өрчүйт.Акыры бекерлик,оңой акча табуу,жатып ичерлик,көралбастык,үйдөн кетип калуу, жат көрүнүштөргө берилүү (уурулук, мушташуу, тоноо, тартып алуу, жазалоо, өлтүрүү, өзүн-өзү өлтүрүү(суицид) өкүм сүрөт.

Ошентип, өспүрүмдөрдүн девиацияга учуроо факторлору өтө эле көп жана өспүрүм курак али өсүп, калыптана элек мезгил болгондуктан, анын опурталдуу учурлары да көп болорун эске алуу менен педагог өз ишин уюштурат.

Девианттуу жүрүм-турумга учураган балдар менен иштөө технологиясы эки түргө бөлүнөт:

- алдын алуу:
- калыбына келтирүү

1.Алдын алуу (профилактика) технологиясы-малекеттик, коомдук, социалдык-медициналык тарбиялык-уюштуруучулук иш-чаралардын биргелешкен жыйындысы. Ал чектен чыгып кетүү себебин жана жагдайын билүү, аны болтурбай коюу, эскертүү жана жоюу маселелерине арналган.

Биринчиден, маалымат берүү технологиясы: түшүндүрүү, аңгеме өткөрүү, радио,теле басма сөздөр,кино,байланыштары театр жана социалдык окутуу балдарга жүрүм-турум нормаларын айтып берүү,билимин жогорулатып, укук жана милдети жөнүндө кеңири түшүнүк берүү болуп эсептелет.

Экинчиден, социалдык жактан колдоо көрсөтүү үчүн, себебин билип,аны жоюуга, тыюу салууга, коомдук иш-чараларды өткөрүүгө, жардам берүүгө кылган аракет.

Үчүнчүдөн, медициналык жардам көрсөтүү- баланын психикасын изилдеп, дарылоого муктаж балдарды ооруканага жаткырып, же үй-бүлөгө кеңеш берүү болуп эсептелет.

Төртүнчүдөн, социалдык-педагогикалык жардам. Ал оңдоого жана калыбына келтирүүгө, анын нравалык жана эрк-эмоция сапатын тарбиялоого арналат:

- өз ишинин жана сөзүнүн ээси болууга;
- жүрүм-турумун башкара билүүгө;
- жаман иштерди сезе жана өзүн ага баруудан сактана билүүгө;
- өз билимин баалуу, керектүү иштерге жумшоого;
- алдыга маанилүү пландарды коё билип,аны аткарууга үйрөтүү социалдык-педагогикалык алдын алуу чаралары болуп эсептелет.

2. Калыбына келтирүү технологиясы ар кандай себептер менен чекте чыгып калган балдарды кайрадан коомдогу активдүү жашоого кошуу жана коомдук пайдалуу эмгекке аралаштыруу дегенди билдирет.

Калыбына келтирүүнүн бир нече түрү бар:

- медициналык;
- психологиялык;
- педагогикалык;
- социалдык-экономикалык;
- профессионалдык;
- турмуш-тиричилик

- Медициналык калыбына келтирүү-балдардын ден-соолугун чыңдоо, дарылоо, хирургиялык жактан жардам берүү.
- Психологиялык калыбына келтирүү-баланын аң-сезиминде “менин керегим жок”, “эч нерсеге жарабайм” деп бекем орноп калган көрүнүштү жоюуга кеп-кеңеш берүү, өзүнө-өзү ишенүүгө жардам берүү.
- Кесиптик калыбына келтирүү- баланы окууга, өзүнө жаккан кесипти өздөштүрүүгө, жумуш ордун табууга жардам берүү.
- Социалдык калыбына келтирүү-баланын коомдук чөйрөгө кошулуп, өз ордун таап, элге аралашып, укугун коргоп, жашоого мүмкүндүк түзүп берүү дегенди билдирет.

Алар:

- кароосуз көчөдө калуудан сактоо;
- оор турмуш жагдайын жеңилдетүү;
- өз теңдүү курбуларына кошуу;
- үй- бүлөсүнө кайра барууга мүмкүндүк түзүү;
- асыроо, көз салуу иштерин уюштуруу;
- билим алуусуна, иштөөгө, эмгек акысын өз убагында алууга;
- турмушта өз ордун табууга, жашоо-тиричилик шартын түзүп берүүгө жардамдашуу болуп эсептелет.

Демек, социалдык педагогикалык калыбына келтирүү үч этаптан турат:

1. Диагностикалык
2. Калыбына келтирүү
3. Калыбына келтиргенден кийинки баланы колдоо.

Диагностика баланын таанып билүү эмоциялык, эрк сапатын аныктоого, социалдык ролун, профессиялык кызыкчылыгын аныктоого, социалдык ролун, профессиялык кызыкчылыгын жактоого жардам берет.

Калыбына келтирүү программасы бала менен жекече иштөөгө,нравалык баалуу сапаттарын калыптандырууга, баарлаша жана мамиле түзө билүүгө үйрөтүү.

Ал эми калыбына келтиргенден кийинки иш-чаралар:үй-бүлө, теңтуштары менен мамиле түзүүгө, өзүн жакшы сезүүгө патронаждык жана келишпөөчүлүк чыгып кетсе, оңдоого жардам берүү.

Девиация

Коомдо калыптанып калган жүрүм-турум эрежелерин бузууда ченемден чыккан көрүнүш. Илимде девиация (отклонение-чектен чыгуу) деп аташат. Анын бир нече түрү бар:

-девианттуу;

-делинквенттүү;

-криминалдуу (кылмыштуу) жүрүм-турум.

Девианттуу жүрүм-турум-чектен чыгуунун бир түрү катарында социалдык жүрүм-турум эрежелерин бузган балдар, жаштар жана чоң кишилердин тартипсиздигин билдирет:

-бирөөгө жамандык издөө;
-кастык кылуу;
-эрегишүү;
-каяша айтып, тил албоо;
- ишке,сабакка барбай калуу;
-кечигүү;
-айтпай үйдөн кетип калуу;
-ичимдик ичүү;
-банги заттарды  колдонуу аркылуу акыл-эсинин, кыялынын бузулушу;
-көпчүлүк жерде өзүн алып жүргөндү билбөө;
-урушуу, мушташуу.

Делинквенттүү жүрүм-турумдун девианттуудан айырмасы-тартип бузуу адатка айланып, дайыма кайталанып, туруктуу стереотип болуп калган көрүнүш, бирок кылмыш жазасына тартылууга күнөөсү жетишсиз же жашы толо элек өспүрүм балдар.Делинквенттүү жүрүм-турум түрлөрү:

• инсанды кемсинтүүгө арналган агрессивдүү зордук, зомбулук, кордоо,сабоо,кемсинтүү, өрт коюу, сындыруу ж.б.

• керт башынын кызыкчылыгы үчүн майда кылмыш иштерине баруу, уурулук кылуу,автомашиналарды айдап качуу,үйлөрдү тоноо, бирөөнү тинтип,опузалап,коркутуу менен баалуу буюмдарын, акчаларын тартып алуу менен пайда көрүү ж.б.

• банги заттарды таркатуу жана сатуу.

Криминалдуу (кылмыштуу) жүрүм-турум-укук бузууга барган кылык-жоругу үчүн, ал эми жашы жете элек балдардын жашы жеткен кезде кылмыш кодексинин статьясынын негизинде жоопко тартып, иш козгоо дегенди билдирет.Кылмыш иштери, эреже катарында,девианттуу жана делинквенттүү жүрүм-турумдун негизинде пайда болгон.

Негативдүү девиация көбүнчө социалдык ооруга жолугуу болуп эсептелет.Ичкилик, банги зат,укук бузуу, кылмыш, сойкулук,суицид(өзүн-өзү өлүмгө кыюу) сыяктуу жат көрүнүштөр инсандын оң сапаттарына зыян келтирип,коомдук тартипти бузууга алып келет. Жүрүм-турум эрежелерин бузуу нормадан чыгуу тибине жараша бөлүнүп, төмөнкүчө мүнөздөмө берилет:

-кылмыш түрлөрү боюнча (жазалоо жана административдик, нравалык);

-деңгээли жана масштабы боюнча (жеке,уюшулган топтор же көпчүлүк);
-түзүлүшү боюнча (социалдык группа, балдар, өспүрүмдөр, кыздар, кылмыш группалары);
-тышкы чөйрөгө карата (үй-бүлөдөгү келишпөөчүлүк, зордук-зомбулук, уруп-сабоо, же өзүнө жараша (ичкилик, суицид ж.б)

Демек,айтылгын нормадан таюу иштеринин бардыгы өзүнөн-өзү чыга койбойт, анын ар биринин ички жана тышкы себептери, мотивдери жана көрүнүштөрү болот.

## Девиациянын типтери жана концепциясы

Девиацияны илимпоздор болжолдуу төрт типке бөлүшкөн:

дене жагынан;

психикалык;

педагогикалык;

социалдык жактан

Дене жагынан кемчилиги барлар көбүнчө адамдар (туубаса, тукум куучулук, жугуштуу оорулар, пайда болгон-авария, жер титирөө, суу ташкынын неизинде ж.б.)

Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун 1980-жылы кабыл алган британиялык вариантында үч бөлүктөн турган дене жагынан нормадан тайган көрүнүш белгиленген.

Алар төмөнкүлөр:

1.Оорулуу,кесел адамдар-физиологиялык, анатомиялык жана психикалык функциялары бузулган, акыл жана кол эмгегине жараксыз болуп калгандар.

2.Жөндөмү чектелген адамдар-өзүнчө иш-аракетке жөндөмсүз же кандайдыр бир мүчүлүштүн натыйжасында иш-аракети чектелген (бир колу жок, буту төкөр,кулагы жакшы укпайт ж.б.)

3.Инвалиддкр (майыптар, б.а. жардамга, колдоого муктаж болуп калган адамдар).

Ал эми акыл-эси,аң-сезими жагынан кемчилиги бар адамдар психикалык жактан нормадан тайгандар. Алар акыл эмгегине жараксыз болуп калган олигофрендер (грек тилинен кичине,акыл) нерв системасына доо кеткен же травма алган, катуу жугуштуу оорудан кийин акыл-эси начарлагандар, туюу-сезүү, кабыл алуу, көңүл буруу процесстери чектелип, эрк-эмоция чөйрөсү зыянга учурагандар (лебилдер,аутистер, суициддер жана жин оорусуна кабылгандар).

Дене түзүлүшү жана психикалык жактан өнүгүү диагностикасын аныктоо үчүн ведомстволор аралык психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссия түзүлөт (он миң балага бир комиссия туура келет).Комиссиянын негизги максаты балдарды каттоодон өткөрүп,өнүгүүсүн текшерип, кандай жардам берүү керек экенин аныкташат.Андан кийин бала менен кеңешип, ата-энеси, жакындары болсо аңгемелешип, аны орноштурууга аракеттенет.

Педагогикалык жактан кемчилиги бар балдарга өз убагында окубай, билим албай, мектепке барбай калгандар кирет. Мамлекеттик стандарт боюнча ар бир нормалдуу өнүккөн бала башталгыч мектепке барып, 9-класска чейин окуп же 11-классты бүтүрүп толук алуусу тийиш. Эгерде 9-класстан кийин орто мектепке барбаса, ал училищага,колледжге же кесиптик окуу жайларынан окуп, иштеп жүрүшү керек.Окубай калса, анын себеби эмнеде, окуусун кандай улантса болот деген суроолорго комиссия да кызыгышы керек.

Окубай калуунун себептери өтө эле көп: сабактан калуу, кечигүү,жетишпөө, окууга кызыкпоо, үйдөн качуу, жетимдик, кийим-кечесинин жоктугу,ата-энесинин терс жүрүм-турумдары ж.б. дагы толуп жаткан себептерин атоого болот. Бул кемчиликтерди жоюп балага жардам берүү комиссиянын негизги социалдык-педагогикалык иш-аракети.

Социалдык жактан жетишпегендик турмуш шартка,айлана-чөйрөгө,жүрүм-турум эрежелерин бузууга, терс көрүнүштөргө кабылууга байланыштуу.

**Нормадан таюунун негизги типтери:**

| Дене жагынан жагынан | Психологиялык жактан | Педагогикалык жактан | Социалдык жактан |
|---|---|---|---|
| Оору,начар көрүү, чала угуу, баспай калуу, төкөрчүлүк,чолок болуу | Акыл-эсинин аң-сезиминин начар өнүгүүсү, тилинин бузулушу, эрк-эмоция начарлашы; таланттуулук | Билим албай калуу, кесипке ээ болбой калуу, тарбиянын начарлыгы | Жетимдик, ичимдик ичүү, бангилик,кароосуз калуу, кылмыш иштерине баруу, үйдөн качуу, артип бузуу ж.б. |

Булардан башка дагы экологиялык жана табигый кырсыктарга туш болгондор, согуштан жана эл аралык келишпөөчүлүкөн келип чыккан кагылышуулардан жапа чеккендер, өзгөчө жагдайларга жолуккандар (суу ташкыны, жер титирөө, тоо көчкү ж.б.), колонияда же абакта жүргөндөр ж.б. социалдык жактан жабыр тарткандарга кошулат жана алар ар түрдүү жардамга муктаж. Ошондуктан, социалдык педагогдун иши жапа чеккен адамдарга жардам ган берүү эмес, аларды ар түрдүү кыйынчылыктан сактанууга, алдын алуу иштерин да жүргүзүп, оңдоого,түзөтүүгө аракеттенип, колдоо көрсөтүү болуп эсептелет.Бул өтө маанилүү жана татаал иш, себеби нормадан тайган адамды кайра нормалдуу жашоо шартына алып келүү оңой-олтоң иш эмес.

Социалдык педагогикалык иш-аракет жаңы гана уюштурула жана изилдене баштаса да, девиациянын көптөгөн факторлорунан негизги үчөө белгиленген:

биогендик;

социогендик;

психогендик

Адамдын өнүгүүсүндө кандай гана чектелүү болбосун (кичине,орточо, чоң ) ал бүт өмүргө, калыптанууга таасир тийгизбей койбойт. Бул маселелерди, көрүнүштөрдү социология, медицина, психология, социалдык педагогика илимдери изилдейт.

Көптөгөн жылдар жөндөмү чектелген адамдарды “инвалид” (латын тили-слабый, бессильный) майып,эч нерсеге жараксыз,начар кишилер катары карап, мамлекеттин жана соо кишилердин жардамына муктаждар деп эсептелип келген.

Ал эми 20-кылымдын 60-жылдарынан баштап, медициналык моделдин ордуна социалдык модель карала баштаган. Жөндөмү начар адамдар өз ара уюм түзүп, өз укуктарын жактоону колдоруна алышкан.

Ошондон бери аларга болгон мамиле өзгөрүп, жасалма тоскоолдуктар акырындап алынып, аларды инсан катары, өз тагдырын чечүүгө болгон аракеттер колдоого алына баштаган.Азыркы мезгилде кемчилиги бар жардамга муктаж адамдарга кандай колдоо керек (үй-бүлө, коомчулук, материалдык, моралдык, патронаждык,психологиялык ж.б.) экенин социалдык педагог комиссия менен чечип берүүгө аракет кылат. Кээде ал жардам бир эле же бир нече жолу, же мезгил-мезгили менен кайталанган, же дайыма, күнүгө керек экендиги аныкталат.Кээде үй-бүлө өзү эле чече алат, кээде мамлекеттин,укук коргоо органдарынын кийлигиши менен чечилет же кесип ээлеринин кеңеши, колдоосу жетиштүү болот.

Жогоруда аталган девиацияга учуроонун себептери жана оңтойлуу шарттары чектен чыгуу теориясын жана концепциясын изилдеп, илимий жактан аныктоого мүмкүндүк түздү.Алардын эң негизги теориялары:

биологиялык;

психологиялык;

социалогиялык

Бул багытта бир катар пикирлер окумуштуулар тарабынан изилденген.

Азыркы учурда жаңы теоретиктер девиациянын пайда болушу коом менен адамдардын ортосундагы келишпөөчүлүктөрдүн натыйжасында деген ойлорду айтышууда. Девиацияны болтурбоонун бирден-бир көрүнүшү- адамдардын аң-сезим, маданий, руханий деңгээлин жогорулатуу, нравалык баалуулуктарды колдоо, социалдык теңдештик, мамиле маселелерин оңдоо болуп эсептелерин эстен чыгарбоо керек.

Суроолор:

1. “Девиация”, “делинквенция” жана “кылмыш” жүрүм-туруму тууралуу айтып бергилечи?

2.Өспүрүм балдардын девиацияга туш болуу себептери кайсылар?

3. Девиациянын түрлөрүн атагыла?

4.Адамдын девиацияга жолугуу факторлору кайсылар?

5.Девиациялык теорияларды жана концепцияларды атагыла?

6. Социалдык педагогдун жардамы кандай?

7. “Опека” жана “көзөмөл” дегенди кандай түшүнөсүздөр?

8. Азыркы убакта кароосуз калган балдарга кандай жардам берилет?

9.Баланы багып алган үй-бүлө менен педагогдун жүргүзгөн иш-аракеттерин атагыла?

Адабияттар:

1. Алмазов Б.Н. Психическая средовая  дезоптация несовершеннолетних.- Сверлдовск,1986
2.Лиханов А.А. Дети без родителей:Книга для учителя.-М.:1987
3.Воскобойникова С.А. Нет чужих детей: Раздумья о проблемах современного сиротства:Книга для учителя.-М.:1989
4.Лишенные родительского попечительства: Хрестоматия. Ред. Сост. В.С. Мухина.-М.:1991
5.Ранее социально сиротство:Учебно-методическое пособие (Медико-социально-психологические проблемы).-М.:1994